- жарандуулук жана патриоттук;

- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

- окутуунун динден тышкары мүнөзү;

- академиялык эркиндик жана ак ниеттик;

- жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.

4. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ушул Жобону жана өзүнүн уставын жетекчиликке алат.

5. Жалпы билим берүү уюмунун негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

6. Жалпы билим берүү уюму адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден-соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

7. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден-соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

8. Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат.

Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Жалпы билим берүү уюмунун бардык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу таризин - экстернаты - колдоно алышат.

Күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу таризи жалпы билим берүү уюмунун 6-11 (12)-класстарында ишке ашырылышы мүмкүн.

Үй-бүлөлүк, жекече, күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу, экстернат же ар кандай тариздердин айкалышкан түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү шарты жана тартиби уюштуруучусу же уюштуруучулары (мындан ары - уюштуруучу) тарабынан жалпы билим берүү уюмунун уставында аныкталат жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

9. Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.

10. Жалпы орто билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана вариативдүүлүгүн камсыз кылууга, инсандын шыгына, жөндөмүнө жана ден-соолугунун абалына ылайыкташтырып окутуунун жана тарбиялоонун ыңгайлуу шарттары менен камсыздалган билим берүү инфраструктурасын түзүү максатында, билим берүүнүн мазмунуна коюлуучу конкреттүү маселелер менен талаптарга жана бюджеттик каржылоо шарттарына ылайык ар кандай типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдары түзүлүшү мүмкүн. Алардын ишкердүүлүктөрү Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.